МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун профсоюз
уюмунун төрагасы
А.Э. Саттаров

14-март, 2022-жыл

БЕКИТИЛДИ
ОшМУнун ректору,
профессор К.Г.Кожобеков

14-март, 2022-жыл

**ОшМУнун факультеттеринин декандарынын жана колледждеринин директорлорунун тарбиялык иштер боюнча орун басарлары арасында өткөрүлчү "МЫКТЫ ОРУН БАСАР" сынагынын**

# ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жобо

1.1. Сынак ОшМУнун факультеттеринин жана колледждеринин (мындан ары структуралар) декандарынын жана директорлорунун тарбия иштери боюнча орун басарларынын (мындан ары орун басарлар) арасында жүргүзүлөт;

1.2. Сынактын максаты факультет, колледждердеги тарбия иштерин жакшыртууну жана тарбия берүүчүлөрдүн бул багытка кызыгуусун жаратууну көздөйт.

## 2. Сынакты өткөрүүнүн тартиби

2.1. Сынак окуу жылынын жыйынтыгы менен жүргүзүлөт.

2.2. Сынакты уюштурууга, өткөрүүгө студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор жетектеген уюштуруу тобу милдеттенет.

2.3. Сынакка катышуучуларды баалоо жана жыйынтыгын чыгаруу ректордун буйругу менен бекитилген курамдагы комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

2.4. Сынакка катышуучуларды баалоо төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт

| Көрсөткүчтөр | | Макси-малдык упайы |
|---|---|---|
| **Ишмердикти уюштурууга негиз болгон документтер боюнча тест** | 1. КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;<br>2. КРнын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамы;<br>3. КРнын «Спорт жана дене тарбиясы жөнүндөгү» мыйзамы;<br>4. ЖОЖдордогу Жаштар комитеттери жөнүндөгү жобо;<br>5. ОшМУнун Уставы;<br>6. ОшМУнун тарбия иштери боюнча концепциясы;<br>7. ОшМУнун кураторлук ишти уюштуруу жөнүндөгү жобосу;<br>8. ОшМУнун жатаканалары жөнүндөгү жобосу;<br>9. ОшМУнун жаштар кеңеши жөнүндөгү жобосу;<br>10. ОшМУнун декандын тарбия иштери боюнча орун басары жөнүндө жобо; | Жалпы 20 суроо, 1 туура жоопко 1 упай |

| | | |
|---|---|---|
| | 11. ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын жобосу. | |
| **Иш пландар** | Структуранын тарбия, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралары боюнча иш планы жана педагогикалык сапаты, беитилиши, аткарылышы | 5 |
| | Кафедралардын тарбия, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралары боюнча иш планы жана педагогикалык сапаты, бекитилиши, аткарылышы | 5 |
| | Ар бир кураторудун иш планы жана тайпаларга өтүүчү кураторудук саатардын тематикалык планы, бекитилиши, аткарылышы | 5 |
| | Жаштар кеңешинин иш планы, иш планда каралган иш чаралардын актуалдуулугу, бекитилиши, аткарылышы | 5 |
| | Студенттик акыйкатчынын иш планы, иш планда каралган иш чаралардын актуалдуулугу, бекитилиши, аткарылышы | 5 |
| | Жатаканадагы студенттер менен иштөө планы, иш планда каралган иш чаралардын актуалдуулугу, бекитилиши, аткарылышы | 5 |
| **Тарбиялык иштердин аткарылышы** | Структурадагы тарбия, маданий-массалык жана спорттук иштердин аткарылышы тууурасында орун басардын Окумуштуулар кеңешинде отчет берүүсү; | 10 |
| | Кафедралардын тарбия, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралары боюнча отчеттору факультеттин өндүрүштүк жыйындарында каралуусу (бул тууралуу жыйындын токтому же комиссиянын жыйынтыктары); | 10 |
| | Кураторлордун отчету кафедраларда семестр сайын уюштурулушу; | 10 |
| | Ар бир студенттик тайпа үчүн кураторудук сааттардын факультеттин окуу жадыбалына коюлуусу; | 3 |
| | Студенттик тайпаларга жума сайын кураторудук сааттардын өтүлүшүн деканаттын текшерип туруусу (текшерүү журналы, кураторудук саатарды өтпөгөн окутуучулар жөнүндө деканга, кафедрага билдирүүлөрдүн көчүрмөсү); | 20 |
| | Ар бир куратор студенттик тайпасындагы эң көп сабак калтырган жана жетишүүсү начар студенттердин тизмесин декандын тарбия иштери боюнча орун басарына ай сайын жазуу түрүндө билдирип туруусу. | 20 |
| | Структурадагы катышуусу начар жана сабактардан жетишүүсү начар студенттер менен иштөөнүн уюштурулушу (протоколдор, билидрүүлөр, ж.б.у.с.) | 20 |

| | | |
|---|---|---|
| | Кураторлордун тарбиялык максатта студенттердин ата-энелери менен болгон байланышы (бул боюнча далилдүү маалыматтар) | 20 |
| | Орун басардын жатаканалар менен иштөөсү (кандай иштерди жүргүзгөндүгү боюнча маалыматтар, жатакана комменданттарынын тастыктоосу менен); | 10 |
| | Жаштар кеңешинин структуралык курамы боюнча маалымат:<br>Окуу сектору, спорт сектору, илим сектору, маданий-уюштуруу сектору, социалдык сектору, кыздар кеңеши, «Брейн-ринг» сектору, дискуссия клубу, дебат клубу, ШТК (КВН), ж.б.у.с.. Алардын ишмердиги жөнүндө маалымат.(ар бир секторго 5ке чейин упай берилет) | 10<br>5 |
| | Ар бир семестрде бир жолу тайпалык, курстар аралык спорттук мелдештердин уюштурулуусу; | 10 |
| | Структуранын спорттук курама командаларын түзүү (алардын аты-жөндөрү, машыгуу графиктери); | 5 |
| | Структурада өткөзүлгөн тарбиялык, спорттук, маданий-массалык иш чаралардын программасы, соцтармактардагы шилтемеси ж.б. тастыктоочу маалыматтар (ар бир иш чарага 5ке чейин упай берилет) | 5 |
| | Университеттик деңгээлде уюштурулган маданий-массалык иш-чараларга структуранын катышуусу (ар бир иш чарага 5ке чейин упай берилет); | 5 |
| | Структурадагы турмуш шарты өтө оор, ата-энеси жок, майып студенттердин тизмеси | 3 |
| | Структурадагы кыздар кеңешинин тарбия багытындагы жүргүзгөн ишмердүүлүктөрү, иш чаралардын программасы, шилтемеси ж.б. тастыктоочу маалыматтар (ар бир иш чарага 5ке чейин упай берилет); | 5 |
| | Орун басар менен кураторлордун айына бир жолку иштиктүү жыйыны (жыйындын күн тартибинин көчүрмөсү); | 10 |
| | Университеттик деңгээлде өткөзүлгөн маданий-массалык конкурстарда структуралардын командалары, студенттери ийгиликке жетишсе: | |
| | 1- орунга | 25 |
| | 2-орунга | 20 |
| | 3-орунга | 15 |
| | Факультетте ардак тактанын уюшутурулушу | 5 |

**Эскертүү:** ***Ректорат, департамент тарабынан берилген иш-тапшырмалар аткарылбаса, топтолгон упайынан кемейтилет.***

## 3. Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо

Сынактын жеңүүчүлөрү төмөнкүдөй сыйланат:
Баш байге “Эң мыкты орун басар–2022” номинациясы, сертификат жана Ысык-Көлгө эс алууга 20 күндүк жолдомо, 5000 сом;
1-орун 1-даражадагы диплом жана Жалал-Абад санаториясына эс алууга 20 күндүк жолдомо, 3000сом;
2-орун 2-даражадагы диплом, 10000сом
3-орун 3-даражадагы диплом, 5000сом

ОшМУнун студенттик коомчулук
менен иштөө боюнча проректору Артыкова Ж.А.

10.03.2022